Кыргыз ... КИТЕП ... АСЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ
И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТАЛАПКЕРЛЕРДИН, САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН, ШАЙЛОО БЛОКТОРУНУН ШАЙЛОО ФОНДДОРУНА АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ТҮШҮШҮН ЖАНА ЧЫГЫМДАЛЫШЫН ЭСЕПКЕ АЛУУНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨГҮ

# Н У С К О О

# И Н С Т Р У К Ц И Я

# О ПОРЯДКЕ УЧЕТА ПОСТУПЛЕНИЯ И РАСХОДОВАНИЯ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ ФОНДОВ КАНДИДАТОВ, ПОЛИТИЧЕСКИХ ПАРТИЙ, ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ БЛОКОВ

сбо

Бишкек – 1999

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БОРБОРДУК ШАЙЛОО
КОМИССИЯСЫНЫ
1999-жылдын 9-ноябрындагы № 162
ТОКТОМУ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

# ТАЛАПКЕРЛЕРДИН, САЯСИЙ ПАРТИЯЛАРДЫН, ШАЙЛОО БЛОКТОРУНУН ШАЙЛОО ФОНДДОРУНА АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ТҮШҮШҮН ЖАНА ЧЫГЫМДАЛЫШЫН ЭСЕПКЕ АЛУУНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨГҮ

## Н У С К О О

### 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. "Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө" Кодекстин 51-статьясына ылайык талапкерлер, саясий партиялар жана шайлоо блоктору шайлоо алдындагы кампанияны финансылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзүшөт. Шайлоо фонддорунун каражаттары Кыргыз Республикасынын Банктарынын атайын убактылуу эсептеринде сакталууга тийиш. Ал эсеп талапкер, саясий партия, шайлоо блогу тарабынан тийиштүү шайлоо комиссиясынын уруксаты менен ачылат.

Бардык акча каражаттары шайлоо фондунун эсебине улуттук валюта түрүндө которулат. Чет өлкөлүк валюта түрүндө которууга тыюу салынат. Бул эсеп боюнча кирешелер кошуп эсептелбейт жана төлөнбөйт.

Шайлоо фондунун каражаттары атайын максатты көздөйт. Ал шайлоо алдындагы кампанияны өткөрүүгө байланышкан чыгымдарды жабууга гана жумшалат.

Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөргө пайдаланылышы мүмкүн:

талапкерди колдогон кол коюуларды чогултууга багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык жактан камсыз кылууга;

шайлоо алдындагы үгүт иштерине;

шайлоо алдындагы кампанияны өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан иштерди аткаргандыгы (кызматтарды көрсөткөндүгү) үчүн жарандардын эмгегине акы төлөөгө;

имарат-жайларды, жабдууларды арендалоо акысын төлөөгө, командировкалык чыгымдарга, байланыш кызматына, канцелариялык то-

варларды сатып алууга жана шайлоо алдындагы кампанияны жүргүзүү менен байланышкан башка чыгымдарды төлөөгө.

Аталган максаттар үчүн шайлоо фонддорунун каражаттарын тескөө укугу ошол фондду түзгөн талапкерге, саясий партияга же шайлоо блогуна гана таандык.

Жарандар жана юридикалык жактар талапкерди (талапкерлердин тизмесин) шайлоого көмөктөшүүчү иштерди финансылык (материалдык) жактан шайлоо фонддору аркылуу гана колдоого укуктуу. Юридикалык жактар, алардын филиалдары, өкүлчүлүктөр тарабынан шайлоо менен тикелей же кыйыр түрдө байланышкан иштерди, кызматтарды көрсөтүүнү, товарларды сатууну акысыз жана өтө эле арзандатылган баада жасоого тыюу салынат.

Талапкер өзүнүн талапкерлигин алып салса, саясий партия, саясий блок талапкерлердин тизмесин кайра чакыртып алса же талапкерди (талапкерлердин тизмесин) каттоо алып салынса шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттары аны төккөн жарандарга жана уюмдарга дароо кайра кайтарылууга тийиш. Аталган каражаттарды кайра кайтаруу менен байланышкан чыгымдарды аны төккөн жарандар жана уюмдар тартат.

## 2. ШАЙЛОО ФОНДДОРУН ТҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ

Талапкер болуп көрсөтүлгөн жарандар шайлоо алдындагы кампанияны финансылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзүшөт. Талапкерлердин тизмесин сунуш кылган саясий партиялар, шайлоо блоктору алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан катталгандан кийин шайлоо фонддорун түзүшөт. Талапкер (талапкерлердин тизмеси) катталбай калган учурда шайлоо фонддоруна келип түшкөн каражаттар аны берген жана которгон уюмдар менен жактарга кайра кайтарылат. Катталган талапкер (талапкерлердин тизмеси) шайлоо алдындагы үгүт иштерин финансылоо үчүн өздөрүнүн ачылган шайлоо фонддорунун эсебин жүргүзүүнү уланты- шат.

Саясий партиялар, шайлоо блоктору тарабынан сунуш кылынып, талапкерлердин тизмесинин курамында гана добушка коюлуучу талапкерлер өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзүүгө укуксуз.

Талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун шайлоо фонддору төмөнкү каражаттардын эсебинен гана түзүлүшү мүмкүн:

- талапкердин, саясий партиянын, шайлоо блогунун өз каражаты;
- талапкерге аны көрсөткөн саясий партия, шайлоо блогу бөлгөн каражат;
- жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу берген акчасы.

Шайлоо фонддоруна төмөнкүлөрдүн ыктыярдуу каражат беришине уруксат кылынбайт:

- чет мамлекеттердин, ишканалардын, уюмдардын, жарандардын;



- жарандыгы жок адамдардын;
- эл аралык уюмдардын;
- чет өлкөлүктөр катышкан юридикалык жактардын;
- мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен уюмдардын;
- уставдык капиталда мамлекеттик же муниципалдык үлүшү бар, ошондой эле салык жана жыйымдарды төлөөдө жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардын;
- аскер бөлүктөрүнүн;
- укук коргоо органдарынын;
- кайрымдуулук уюмдарынын;
- диний бирикмелердин;
- атын жашырып берүүчүлөрдүн.

**2.1.** Талапкердердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун шайлоо фонддору төмөнкү каражаттардын, ошондой эле үгүт-маалыматтык материалдардын эсебинен да түзүлүшү мүмкүн, аны шайлоо комиссиялары эске алат:

а) Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо боюнча:

- талапкердин өз каражаты, ал минималдуу эмгек акынын 15 миң эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;
- талапкерге аны көрсөткөн саясий партия, шайлоо блогу бөлгөн каражат, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 50 миң эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;
- талапкердин шайлоо фондуна жеке адам берген ыктыярдуу акчасы, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 50 эсе ашпоого тийиш;
- юридикалык жактын ыктыярдуу берүүлөрү, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 2000 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш.

Шайлоо фондунун эсебинен талапкердин каражат чыгымдашынын жогорку чеги минималдуу эмгек акынын 400 миң эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш.

б) Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча:

- талапкердин өз каражаты, ал минималдуу эмгек акынын 3000 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;
- талапкерге аны көрсөткөн саясий партия, шайлоо блогу бөлгөн каражат, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 1500 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;
- саясий партиянын, шайлоо блогунун өз каражаты, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 50 миң эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;
- талапкердин шайлоо фондуна жеке адамдын берген ыктыярдуу акчасы, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 20 эсе өлчөмүнөн, саясий партиянын, шайлоо блогунун фондуна — 30 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;
- талапкердин шайлоо фондуна юридикалык жактын берген ыктыярдуу акчасы, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 200 эсе өлчөмүнөн, саясий партиянын, шайлоо блогунун фондуна — 1000 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;

Шайлоо фондунун эсебинен талапкердин каражат чыгымдашынын жогорку чеги минималдуу эмгек акынын 20 миң эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш.

Шайлоо фондунун эсебинен саясий партиянын, шайлоо блогунун каражат чыгымдашынын жогорку чеги минималдуу эмгек акынын 100 миң эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш.

в) областтык жана Бишкек шаардык кеңештеринин депутаттарын шайлоо боюнча:

· талапкердин өз каражаты, ал минималдуу эмгек акынын 100 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;

· талапкерге аны көрсөткөн саясий партия, шайлоо блогу бөлгөн каражат, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 200 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;

· талапкердин шайлоо фондуна жеке адам берген ыктыярдуу акчасы, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 20 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш;

· талапкердин шайлоо фондуна юридикалык жак берген ыктыярдуу акчасы, анын өлчөмү минималдуу эмгек акынын 150 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш.

Шайлоо фондунун эсебинен талапкердин каражат чыгымдашынын жогорку чеги минималдуу эмгек акынын 1000 эсе өлчөмүнөн ашпоого тийиш.

**2.2.** Ыктыярдуу акча каражаттары аны берүүгө укугу болбогон адамдардан же юридикалык жактардан, же мыйзамда каралган өлчөмдөн ашык түшсө, анда талапкерлер жана шайлоо блоктору андай акча каражаттарын аны бергендерге тийиштүү түрдө толугу менен же белгиленген өлчөмдөн ашкан бөлүгүн кайра кайтарууга милдеттүү. Аны кайра кайтаруу шайлоо комиссиясына финансылык отчет бергенге чейин кайра кайтаруунун себебин көрсөтүү менен жүргүзүлөт. Аталган сумманы кайра кайтаруу банк бөлүмдөрү тарабынан эсептин ээлеринин тапшыруусу боюнча ошол сумманы кайра жөнөтүү менен байланышкан байланыш ишканаларынын чыгымдарын чыгарып салуу менен жүргүзүлөт. Атын жашырып берген акчалар мамлекеттин кирешесине кириштелет.

**2.3.** Банк мекемелери шайлоо комиссияларынын талабы боюнча талапкерди (талапкерлердин тизмесин) каттаган шайлоо комиссиясына талапкердин, саясий партиянын, шайлоо блогунун эсебинде турган каражаттын түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндөгү маалыматты мезгил-мезгили менен берип турууга милдеттүү.

## 3. УБАКТЫЛУУ АТАЙЫН ЭСЕПТЕРДИ АЧУУНУН ТАРТИБИ

**3.1.** Талапкерликке көрсөтүлгөн жарандар шайлоо алдындагы кампанияны финансылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзүшөт. Өзүнүн шайлоо фондун түзүү максатында убактылуу атайын эсептерди



ачуу үчүн талапкер округдук шайлоо комиссиясына кат жүзүндө №2 форма (тиркелет) боюнча өзүнүн шайлоо фондун ачууну чечкен банктын реквизиттерин билдирүүгө милдеттүү. Эсеп талапкердин жеке өзүнө ал банк мекемесине паспортун же аны алмаштырган документти жана №3 форма (тиркелет) боюнча округдук шайлоо комиссиясынын кат жүзүндөгү кайрылуусун бергенде ачылат, №3 форма талапкерге ал №2 форма боюнча маалыматтарды сунуш кылгандан кийин үч күндүн ичинде берилет.

**3.2.** Талапкерлердин тизмесин сунуш кылган саясий партия, шайлоо блогу Борбордук шайлоо комиссиясында алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү катталгандан кийин шайлоо фонддорун түзүшөт. Бул максатта саясий партиянын, шайлоо блогунун ыйгарым укуктуу өкүлү №2 форма боюнча Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясына атайын убактылуу эсеп ачуу үчүн зарыл документтерди толтуруу өтүнүчү менен кайрылууга милдеттүү.

Саясий партияга, шайлоо блогуна банк тарабынан атайын убактылуу эсеп ачуу банк мыйзамдарына ылайык талап кылынган документтердин негизинде жана №3 форма боюнча Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын кат жүзүндөгү уруксаты менен жүргүзүлөт.

**3.3.** Эсепти тейлөөнүн бардык шарттары (эсеп боюнча операциялар) банк эсебинин келишиминде көрсөтүлүшү, талапкер, саясий партия, шайлоо блогу өзү түзгөн келишимдин шарттары менен тийиштүү шайлоо комиссиясын тааныштырышы керек.

**3.4.** Талапкер, саясий партия, шайлоо блогу өзүнүн шайлоо фондун түзүү үчүн бир гана атайын, убактылуу эсепти ачууга укуктуу.

Эгерде талапкер, саясий партия, шайлоо блогу өзүнүн шайлоо фондун түзүү үчүн эсеп ачпаган болсо, анда алар тийиштүү шайлоо комиссиясына шайлоо алдындагы кампанияны жүргүзүүгө алар акча чыгымдабай тургандыгын кат жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

**3.5.** Талапкер, саясий партия, шайлоо блогунун шайлоо фонддоруна ыктыярдуу берилген акча каражаттары адамдардан жана юридикалык жактардан Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык которуу, ошондой эле накталай түрүндө алынат. Талапкер, саясий партия, шайлоо блогунун шайлоо фондуна ыктыярдуу түрдө накталай берилген акча каражаттары адамдардын Кыргыз Республикасынын жараны экендигин тастыктоочу паспорт же аны алмаштырган күбөлүк, юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндөгү уюштуруу документтери жана күбөлүктөр көрсөтүлгөндө гана коммерциялык банк мекемелери тарабынан кабыл алынат.

**3.6.** Талапкер, саясий партия, шайлоо блогу банк мекемесиндеги өзүнүн шайлоо фондунун эсебине келип түшкөн акча каражатынын булагы жана өлчөмү жөнүндө дайыма таанышып турууга милдеттүү.

**3.7.** Талапкер эч кандай мажбурлоосуз эле өз талапкерлигин алып таштаганда же саясий партия, шайлоо блогу талапкерлердин тизмесин кайра чакыртып алганда тийиштүү шайлоо комиссиясы шайлоо кампаниясын жүргүзүүгө республикалык бюджеттен кеткен каражаттарды бир бөлүгүн талапкердин, саясий партиянын, шайлоо блогунун эсебинен толтурушу мүмкүн.

## 4. ШАЙЛОО ФОНДДОРУНУН КАРАЖАТТАРЫН ЭСЕПКЕ АЛУУ ЖАНА ЧЫГЫМДОО

**4.1.** Талапкерлер, саясий партиялар, шайлоо блоктору өздөрүнүн шайлоо фонддорундагы эсебине каражаттардын түшүшүн жана чыгымдалышын №5 форма (тиркелет) боюнча эсепке алып турат.

**4.2.** Талапкерлер, саясий партиялар, шайлоо блокторунун шайлоо фонддорундагы акча каражаттары төмөнкүлөргө жумшалышы мүмкүн:

– Президенттин кызматына талапкерди колдогон колтамгаларды чогултууга;

– үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга[1];

– депутаттыкка талапкердин жалпыга маалымдоо каражаттарына чыккан кулактандырууларына, макалаларына акы төлөөгө;

– шайлоо алдындагы чогулуштарды, шайлоочулар менен жолугууларды, митингдерди, жүрүштөрдү, демонстрацияларды өткөрүү менен байланышкан чыгымдарды төлөөгө;

– шайлоо алдындагы үгүт иштери боюнча башка максаттуу иш-чараларга.

Талапкерлер, саясий партиялар, шайлоо блоктору жана алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү шайлоочуларга акча каражаттарын, белектерди берүүгө, товарларды жеңилдетилген баада сатууга, басылган, анын ичинде иллюстрацияланган материалдарды, ошондой эле шайлоо кампаниясы үчүн атайын жасалган төш белгилерди кошпогондо, ар кандай товарларды акысыз таркатууга укуксуз.

**4.3.** Талапкерлер, саясий партиялар, шайлоо блоктору үчүн ишканалар жана уюмдар аткарган акы төлөнүүчү иштер жана кызматтар кат жүзүндө (келишим, эсеп, акт) түзүлүшү керек. Келишимде тараптардын реквизиттери, тапшырылган иштин көлөмү, анын наркы жана иштин түрлөрү боюнча эсептер, акы төлөө шарты, ишти аткаруу мөөнөтү, тараптардын жоопкерчиликтери жана башка шарттар камтылууга тийиш.

Аткарылган иштер жана көрсөтүлгөн кызматтар заказчы (талапкер, анын ыйгарым укуктуу өкүлү, саясий партиянын, шайлоо блогунун шайлоо фонддорунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдары) жана аткаруучу кол койгон кабыл алуу актысы же продукция берүүгө коштомо документтер менен ырасталууга тийиш.

---

1 Басмадан чыккан үгүт материалдары төмөнкүдөй милдеттүү маалыматтарды камтууга тийиш: басып чыгаруучу жөнүндө маалымат, заказдын нускасы, номери, басмакана ишканасынын аталышы жана толук почталык дареги



Аталган иштерге жана кызматтарга акы төлөө талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун эсебинен акча которуу жолу менен жүргүзүлөт.

**4.4.** Депутаттыкка талапкерлер, саясий партиялар, шайлоо блоктору тарабынан акы төлөө менен алардын шайлоо алдындагы кампаниясын өткөрүүгө тартылган адамдар менен кат жүзүндө жарандык-укуктук келишим (эмгектик келишим) түзүлүшү керек. Келишимде тартылган адамдын фамилиясы, аты-жөнү, паспорттук маалыматтары, аткаруучу иштеринин тизмеси, аларды аткаруу мөөнөтү жана акысынын суммасы көрсөтүлөт.

**4.5.** Депутаттыкка талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун атайын эсептеринен төлөө боюнча келишим же макулдашуу шайлоо күнүнөн мурунку күндөн кечиктирбестен түзүлүшү керек.

**4.6.** Тийиштүү шайлоо комиссиясынын суроосу боюнча банк мекемеси үч күндүк мөөнөттө депутаттыкка талапкерди (талапкерлердин тизмесин) каттаган шайлоо комиссиясына депутаттыкка талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун атайын убактылуу эсептериндеги акча каражаттарынын түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө №6 формада (тиркелет) маалыматты берүүгө милдеттүү.

**4.7.** Депутаттыкка талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун убактылуу атайын эсептери боюнча каражаттарды чыгымдоо жагындагы бардык финансылык операциялар шайлоо күнү токтотулат. Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы жана округдук шайлоо комиссиясы талапкердин, саясий партиянын, шайлоо блогунун тийиштүү өтүнүчүнүн негизинде шайлоо күнүнө чейинки чыгымдарды төлөп берүү боюнча финансылык операцияларды жүргүзүү мөөнөтүн узартууга талапкердин, саясий партиянын, шайлоо блогунун андай узартуу зарылдыгын негиздеген тийиштүү документтерин көрсөтүшү менен кат жүзүндө уруксат берет, бирок ал шайлоо өткөрүлгөн күндөн кийин 15 күндөн ашпайт.

Кайталап добуш берүүдө талапкерлердин банк эсептери боюнча операциялары округдук шайлоо комиссиясынын кат жүзүндөгү уруксатынын негизинде узартылышы мүмкүн.

**4.8.** Шайлоо фонддорундагы каражаттардан, аталган фонддорго ыктыярдуу берилген каражаттардан жана чегерүүлөрдөн салык алуунун, ошондой эле аталган фонддорду чыгымдоонун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

**4.9.** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 9, 112 жана 145-статьяларына ылайык саясий партиялардын жана шайлоо блокторунун иштери төмөнкү шарттар сакталган учурда, адамдардан киреше салыгын алуудан тышкары, тикелей жана кыйыр түрдөгү салыктардан бошотулат:

— саясий партия, шайлоо блогу катары катталган болсо;

— ошол саясий партиянын уставы болуп, анда анын кирешеси, негизги каражаттары партиянын мүчөлөрү же анын мүчөлөрүнүн бири менен байланышкан башка адамдар тарабынан өз пайдасы үчүн пайдаланылышы мүмкүн эмес экендигин караган жобо бар болсо;

— пайдадан алынуучу салыктан жана кошумча нарктан алынуучу салыктан бошотуу жөнүндө күбөлүгү болсо. Салыктык жеңилдиктерге укук жөнүндө күбөлүк алуу үчүн катталган жер боюнча салык инспекциясына кайрылуу керек. Күбөлүк депутаттыкка талапкер, саясий партия жана шайлоо блогунун шайлоо фонддоруна келип түшкөн акча каражаттары шайлоо алдындагы кампанияны финансылоо үчүн гана пайдаланылып, анын жүрүшүндө пайда (киреше) алуу боюнча коммерциялык максатты көздөбөгөн учурда гана берилет.

## 5. ОТЧЕТТУУЛУК ЖАНА КОНТРОЛЬ

**5.1.** Талапкер, саясий партия, шайлоо блогу шайлоонун натыйжалары жарыялангандан кийин 30 календардык күндөн кечиктирбестен тийиштүү шайлоо комиссиясына өзү түзгөн фонддун өлчөмү жана бардык булактары жөнүндө, ошондой эле бардык чыгымдар жөнүндө №7 форма (тиркелет) боюнча отчет берүүгө милдеттүү. Аталган отчеттордун көчүрмөлөрү шайлоо комиссиялары тарабынан ал келип түшкөн күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыялоо үчүн берилет.

Отчетко №5 форма боюнча шайлоо фонддоруна каражаттардын келип түшүү булагы жана аларды чыгымдоо жөнүндөгү маалыматтар жана финансы документтеринин түп нускасы тиркелет. Муну менен бирге финансылык отчет бергенге чейин талапкерде калган бардык накталай каражаттар, ошондой эле саясий партиялардын, шайлоо блокторунун кассаларында калган каражаттар алардын убактылуу атайын эсептерине кайтарылууга тийиш.

**5.2.** Эгерде талапкер, саясий партия жана шайлоо блогу өзүнүн шайлоо фондун түзүү үчүн эсеп ачпаган болсо, анда алар шайлоонун натыйжалары жарыяланган күндөн тартып 30 күндүн ичинде тийиштүү шайлоо комиссиясына алар шайлоо алдындагы кампанияны жүргүзүүгө акча каражаттарын чыгымдабагандыгы жөнүндө кат жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

**5.3.** Талапкердердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун эсептеринде акча каражаттарынын калганы финансылык отчет бергенден кийин бир айлык мөөнөттө (шайлоонун натыйжалары чыгарылгандан кийин эки айдан кечиктирбестен) тийиштүү шайлоо комиссиясынын уруксаты менен каражаттардын берилишине пропорциялуу түрдө шайлоо фонддоруна каражаттарын берген жана чегерген уюмдарга жана адамдарга кайра кайтарылат. Аталган сумманы кайтаруу аларды которуу боюнча байланыш ишканаларынын чыгымдарын чыгарып салуу менен жүргүзүлөт. Шайлоонун натыйжалары чыгарылгандан кийин 60 календардык күн өткөндө эсепте калган акча каражаттары банк мекемелери тарабынан республикалык бюджетке которулат.

"Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндөгү" Кодекстин 52-статьясына ылайык шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын келип түшүү булактарына, шайлоо фонддорунун акча каражаттарын эсепке алуунун тууралыгына, алардын сарпталышына контролдук кылуу, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун финансылык отчетторун текшерүү үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын адистерин тартуу менен Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында контролдук-текшерүү тобу түзүлөт. Контролдук-текшерүү тобунун ишин уюштуруунун тартиби Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

## 6. ФИНАНСЫ ТАРТИБИН БУЗГАНДЫК ҮЧҮН ЖООПКЕРЧИЛИК

**6.1.** Шайлоо фонддорунун каражаттарын пайдалануу, ушул нускоо менен белгиленген форма боюнча өз убагында отчет берүү жана отчеттук маалыматтардын тууралыгы үчүн талапкердин жеке өзү, ошондой эле шайлоо фонддорунун каражаттарын тескөөгө ыйгарым укугу бар адамдар жоопкерчилик тартышат.

**6.2.** Эгерде талапкер, саясий партия, шайлоо блогу алардын шайлоо фонддоруна келип түшкөн каражаттан тышкары шайлоо алдындагы үгүт ишин жүргүзүү үчүн башка каражаттарды пайдаланса, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы, округдук шайлоо комиссиясы талапкерди же талапкерлердин тизмесин каттоо жөнүндө чечимди алып салуу жөнүндө сунуш менен сотко кайрылууга укуктуу. Аталган сунуш сот тарабынан беш күндүк мөөнөттө, ал эми шайлоо күнүнө чейин беш күн калган болсо — дароо каралат.

Тартип бузуу фактыларын аныктоо максатында шайлоо комиссиясы "Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндөгү" Кодекстин 9-статьясына ылайык көмөк көрсөтүү өтүнүчү менен мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мамлекеттик мекемелерге, уюмдарга, ишканаларга кайрылууга, ал эми алардын кызмат адамдары шайлоо комиссиясынын кайрылуусуна үч күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүүдөн кийинки күнү — дароо жооп берүүгө милдеттүү.

№ 1 форма

# ШАЙЛОО ФОНДДОРУНУН АТАЙЫН УБАКТЫЛУУ ЭСЕПТЕРИНЕ АКЧА КАРАЖАТТАРЫ КЕЛИП ТҮШҮШҮ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

Каражаттар келип түшкөн күндөн тартып үч күндүк мөөнөттө тиешелүү шайлоо комиссиясына банк мекемеси тарабынан берилет

Талапкер________________________________________________
(талапкердин аты – жөнү, фамилиясы, реквизиттер, эсептер,
________________________________________________________
шайлоо округунун номери көрсөтүлөт)

Саясий партия, шайлоо блогу ____________________________
(саясий партиянын, шайлоо блогунун аталышы,
________________________________________________________
реквизиттер, эсептер көрсөтүлөт)

| Эсептешүү эсебине каражаттар кошулган дата | Каражаттар келип түшкөн булак | Сумма, сом менен | Каражаттар келип түшкөндүгүн ырастаган документ | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |

ФОРМАНЫ ТОЛТУРУУНУН МИСАЛЫ

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 11.06.99 | Македонский Артур Иванович, Бишкек ш., Москва көч., 54, кв 4 | 200 000 | 1999 – жылдын 11 – июнундагы № 203 квитанция | Депутаттыкка талапкер Күбөлүктүн № ... |
| 14.06.99. | "КДК" партиясы Толубай банктагы э/э 002564537 Мфо 330107768 Бишкек ш., Ибраимов көч., 45 | 5 000 000 | 1999 – жылдын 14 – июнундагы № 245 төлөм тапшырмасы | |
| 15.06.99 | "Жанар" акционердик коому Меркюри АКБдагы Э/э 00024563568 Мфо 3301066578 | 20 000 | 1999 – жылдын 15 – июнундагы № 234 төлөм тапшырмасы | |

**Банк мекемесинин башкаруучусу** ________________



№ 2 форма

# АТАЙЫН УБАКТЫЛУУ ЭСЕПТИ АЧУУ ЖӨНҮНДӨ

________________________________________________________
(шайлоо комиссиясынын аталышы)[2]

Талапкер________________________________________________
(талапкердин фамилиясы, аты – жөнү,
________________________________________________________
шайлоо комиссиясынын номери жана аталышы көрсөтүлөт)

же саясий партия, шайлоо блогу___________________________
________________________________________________________
саясий партиянын,
________________________________________________________
шайлоо блогунун аталышы көрсөтүлөт)
________________________________________________________
_______________________________банк мекемесинде өзүнүн шайлоо
(банк мекемесинин аталышы)

фондун түзүү үчүн атайын убактылуу эсепти ачууга документтерди толтуруну өтүнөт.

Биринчи кол коюу укугу менен______________________ жана
(Ф.А.А.)

экинчи кол коюу укугу менен ____________________ башкы бухгалтер
(Ф.А.А.)

шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адам болуп саналат. Шайлоо фондунун акча каражаттарын (биринчи жана экинчи кол коюу укугу менен) тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдарды дайындоо жөнүндө саясий партиянын, шайлоо блогунун токтому, колтамганын үлгүсү жана мөөрдүн оттискасы бар толтурулган эки карточка тиркелет.[3]

"Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын кодекси, Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясынын токтому менен бекитилген Талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо блокторунун шайлоо фонддоруна акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуунун тартиби жөнүндө нускоо менен талапкер, саясий партиянын, шайлоо блогунун шайлоо фонддорунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдар тааныштырылды (таанышышты).

**Талапкер же саясий партиянын, шайлоо блогунун шайлоо фонддорунун акча каражаттарын (биринчи жана экинчи кол коюу укугу менен) тескөөгө** ________________

№ 3 форма

________________________________ банкынын башкаруучусуна

(аталышы)

## АТАЙЫН УБАКТЫЛУУ ЭСЕПТИ АЧУУ ЖӨНҮНДӨ

"Кыргыз Республикасындагы шайлоо жөнүндө" Кодекстин 51 – статьясынын негизинде сизден ушул талапкерге

________________________________________________

(талапкердин

________________________________________________

фамилиясы, аты – жөнү,

________________________________________________

шайлоо округунун номери жана аталышы көрсөтүлөт)

же ушул саясий партияга, шайлоо блогуна____________________

(саясий партиянын,

________________________________________________

шайлоо блогунун аталышы көрсөтүлөт)

атайын убактылуу эсепти ачууну өтүнөм.

Саясий партиянын, шайлоо блогунун шайлоо фондунун акча каражаттарын тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдар

________________________________________________

(фамилиясы, аты – жөнү)

Жашаган жери (юридикалык дарек)____________________

________________________________________________

________________________________________________

________________________________________________

М.О.

Шайлоо комиссиясынын төрагасы____________________



№ 4 форма

Шайлоо комиссиясынын төрагасы____________________

## БАНК МЕКЕМЕСИНДЕГИ АТАЙЫН УБАКТЫЛУУ ЭСЕПТИН РЕКВИЗИТТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

(шайлоо комиссиясынын аталышы)____________________

Талапкер________________________________________

(талапкердин фамилиясы, аты – жөнү,

________________________________________________

шайлоо округунун номери көрсөтүлөт)

же саясий партия, шайлоо блогу____________________

(саясий партиянын,

________________________________________________

шайлоо блогунун аталышы көрсөтүлөт)

Шайлоо өнөктүгүн өткөрүү үчүн____________________

(банк мекемесинин аталышы жана реквизиттери)

№______________ атайын убактылуу эсепти ачканымды (ачканыбызды) билдирем (билдиребиз).

Талапкер же саясий партиянын, шайлоо блогунун шайлоо фонддорунун акча каражаттарын (биринчи жана экинчи кол коюу укугу менен) тескөөгө ыйгарым укуктуу адамдар

____________

(колтамгасы)

№ 5 форма

# ТАЛАПКЕРДИН, САЯСИЙ ПАРТИЯНЫН, ШАЙЛОО БЛОГУНУН ШАЙЛОО ФОНДУНА АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ТҮШҮҮНҮН ЖАНА ЧЫГЫМДАЛЫШЫНЫН ЭСЕБИ

Талапкер_______________________________________________
(талапкердин фамилиясы, аты-жөнү,

шайлоо округунун номери,________________________________
эсептин реквизиттери көрсөтүлөт)

Саясий партия, шайлоо блогу______________________________
(аталышы, эсептин реквизиттери көрсөтүлөт)

| Эсептешүү эсебине каражат-тар кошулган дата | Каражаттар келип түшкөн булак | Сумма, сом менен | Каражаттар келип түшкөндүгүн ырастаган документ | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| 02.06.99 | Депутаттыкка талапкер Иванов Сергей Петровичтин өз каражаттары, Бишкек ш., Москва көч., 120, кв 25 | 30 000 | 1999-жылдын 2-июнундагы № 245 квитанция | № 2 Токолдош шайлоо округу боюнча 1999-жылдын 1-июнундагы № 2 каттоо күбөлүгү |
| 02.06.99. | Турусбеков Көкүмбай Кыдырмышевич, Бишкек ш., Восток 5 кичи району | 20 000 | 1999-жылдын 2-июнундагы № 250 квитанция | |
| 03.06.99. | "Ата-Мекен" партиясынын өз каражаттары, "Максат КБдагы э/э 0002009789 Мфо 330107768 Бишкек ш., Абдымомунов көч., 205 | 150000 | 1999-жылдын 2-июнундагы № 45 төлөм тапшырмасы | |
| 03.06.99. | "Байтик" ЖЧК Ысык-Көл Инвестбанкынын Бишкек филиалындагы Э/эсеби 0002894678 МФО 330107772 | 20 000 | 1999-жылдын 2-июнундагы № 179 төлөм тапшырмасы | Кыргызстан коммунисттер партиясынын фондуна берүү |
| 03.06.99. | Момуналиев Аскарбек, Бишкек ш., Учкун кичи району, 4-үй, кв 5 | 30 000 | 1999-жылдын 3-июнундагы почта которуусунун квитанциясы Кыргызстан коммунисттер партиясынын фондуна берүү 1999-жылдын 3-июнундагы № 324 төлөм тапшырмасы | |
| 03.06.99. | | | | |
| 04.06.99. | "Илбирс" акционердик коому, "Кыргызстан" АКБдагы Э/эсеби 289789678 МФО 330105504 | | | |
| | | | | |
| | Бардыгы | | | |
| | | | | |



## 2. Белгиленген тертипти бузуу менен келип түшкөн каражаттарды кайра кайтаруу

| Эсептешүү эсебине каражаттар кошулган дата | Каражаттар келип түшкөн булак | Сумма, сом менен | Кайтарылган каражат | Кайтаруунун себеби | Каражаттар кайтарылганын ырастаган документ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| | ФОРМАНЫ ТОЛТУРУУНУН МИСАЛЫ | | | | |
| 02.06.99 | Петров Петр Петрович, Бишкек ш., 5 кичи район, 20-үй, кв 36 | 2500 | 500 | Каражат берүүнүн жогорку чегинен ашып кеткен | 1999-жылдын 22-февралындагы почта которуусунун квитанциясы |
| 02.06.99 | "Тулпар" акционердик коому, Бишкек ш., Чүй пр., 405 ПСБдагы э/эсеби 002455304 МФО 20921 | 20 000 | 20 000 | Уставдык капиталдагы чет өлкөлүк капитал жөнүндө маалымат жок | 1999-жылдын 21- февралындагы № 26 төлөм тапшырмасы |

## 3. Шайлоо фондунун чыгымдалган каражаттары

| Эсептешүү эсебинен каражат алынган дата | Каражат кимге төлөндү | Төлөндү, сом менен | Чыгымдын түрү | Каражат чыгымдалганын ырастаган документ | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 |
| 22.06.99 | "Пирамида" радиосу, "Максат КБдагы Э/э 00020007892 МФО 330107735 Бишкек ш., Матросов көч., 25 | 10 000 | Шайлоо алдындагы үгүт (чыгып сүйлөөлөр) | 1999-жылдын 22-июнундагы № 26 төлөм тапшырмасы | |
| 23.06.99 | Ленин атындагы клуб Бишкек ш., Л.Толстой көч., 256 | 1000 | Шайлоочулар менен жолугушуу үчүн жайды арендалоо | 1999-жылдын 23-июнундагы № 2 кириш ордеринин квитанциясы | |
| 24.06.99 | "Айчүрөк" БУМ РСК ОПУдагы Э/э 000200065432 МФО 330107705 Бишкек ш., Чүй пр., 256 | 5000 | Канцелярия товарларын сатып алуу | 1999-жылдын 24-июнундагы № 27 төлөм тапшырмасы | |
| 25.06.99 | Кыргызполиграфкомбинат Меркюри АКБдагы Э/э 00200254763 Бишкек ш., Ж.Пудовкин көч., 234 | 50 000 | Плакаттарды, баракчаларды даярдоо | 1999-жылдын 25-июнундагы № 28 төлөм тапшырмасы | |
| 26.06.99 | Сидоров Семен Петрович, Бишкек ш., Совет көч., 54а | 5000 | Үгүт материалдарын таркатуу үчүн | 1999-жылдын 1-июнундагы № 1 келишим 1999-жылдын 26-июнундагы № 3 чыгаша ордери | |

№ 6 форма

## ТАЛАПКЕРДИН, САЯСИЙ ПАРТИЯНЫН, ШАЙЛОО БЛОГУНУН ШАЙЛОО ФОНДДОРУНУН АТАЙЫН УБАКТЫЛУУ ЭСЕПТЕРИНДЕГИ АКЧА КАРАЖАТТАРЫН ЧЫГЫМДОО ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР

Тиешелүү шайлоо комиссиясынын суроо–талабы боюнча банк мекемеси тарабынан берилет

Талапкер ______________________________
(талапкердин фамилиясы, аты–жөнү,

______________________________
шайлоо округунун номери, эсептин реквизиттери көрсөтүлөт)

Саясий партия, шайлоо блогу ______________________________
(саясий партиянын, шайлоо блогунун аталышы,

______________________________
эсептин реквизиттери көрсөтүлөт)

| Каражаттар эсептешүү эсебинен алынган дата | Каражаттар кимге которулган | Сумма, сом менен | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| | ФОРМАНЫ ТОЛТУРУУНУН МИСАЛЫ | | |
| 10.06.99 | Иванов Петр Петрович, депутаттыкка талапкер | 10 000 | Эмгек келишими боюнча иштерге акы төлөөгө накталай алынды |
| 11.06.99 | "Вечерний Бишкек" газетасы "Максат" КБдагы Э/э 002678456 МФО 330107750 | 5000 | Макалаларды жарыялагандыгы үчүн |
| 12.06.99 | "Учкун" АК, Бишкек ш., Ибраимов көч. 55, Толубай банктагы Э/э 000389278 МФО 330107735 | 15 000 | Плакаттарды жана баракчаларды даярдагандыгы үчүн |
| 12.06.99 | КР Мамтелерадиокорпорациясы, "Кыргызстан" АКБдагы Э/э 000245632785 МФО 330105504 | 20 000 | ТК жана радио каналдарындагы эфир убактысы үчүн |
| | Бардыгы | | |

. **Банктын башкаруучусу** ______________

№ 7 форма

## ТАЛАПКЕРДИН, САЯСИЙ ПАРТИЯНЫН, ШАЙЛОО БЛОГУНУН ШАЙЛОО ФОНДДОРУНУН КАРАЖАТТАРЫНЫН КЕЛИП ТҮШҮҮ ЖАНА ЧЫГЫМДАЛЫШЫ БОЮНЧА ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

Талапкер ______________________________
(талапкердин фамилиясы, аты–жөнү,

______________________________
шайлоо округунун номери,

______________________________
эсептери көрсөтүлөт)

Саясий партия, шайлоо блогу ______________________________
(саясий партиянын, шайлоо блогунун аталышы,

______________________________
эсептин реквизиттери көрсөтүлөт)

Шайлоонун натыйжасы жарыялангандан кийин 30 күндөн кечиктирбестен ______________________________ шайлоо комиссиясына берилет

### 1. Шайлоо фондуна каражаттардын келип түшүүсү

| Келип түшкөн булак | Саптын шифри | Сумма, миң сом менен |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Келип түшкөн каражаттардын бардыгы | 01 | |
| анын ичинде:<br>– талапкердин өз каражаттары, саясий партиянын, шайлоо блогунун өз каражаттары | 02 | |
| – талапкерди көрсөткөн саясий партиянын, шайлоо блогунун каражаттары | 03 | |
| – юридикалык жактардын каражаттары | 04 | |
| – адамдардын каражаттары | 05 | |
| Кайтарылган каражаттардын бардыгы | 07 | |
| анын ичинде:<br>– колдонулуп жаткан мыйзамды бузуу менен келип түшкөн каражаттар | 08 | |
| – талапкер чыгып кеткенине байланыштуу | 09 | |
| Шайлоо фондундагы каражаттардын жыйынтыгы | 10 | |

## 2. Шайлоо фондунун каражаттарын чыгымдоо

| Чыгымдын аталышы | Саптын шифри | Сумма, миң сом менен |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Чыгымдардын бардыгы | 11 | |
| Анын ичинде төмөнкүлөргө: | | |
| – жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоо алдындагы үгүткө (радио, телекөрсөтүү) | 12 | |
| – мезгилдүү басылмалар аркылуу шайлоо алдындагы үгүткө | 13 | |
| – шайлоо алдындагы көпчүлүк иш – чараларын (чогулуштарды, шайлоочулар менен жолугушууларды, митингдерди ж.б.) өткөрүүгө | 14 | |
| – басылма материалдарды (баракчаларды, плакаттарды, рекламалык такталарды ж.б.) чыгарууга жана таркатууга | 15 | |
| – шайлоо алдындагы үгүт менен байланышкан башка чыгымдар, анын ичинде (түрлөрү көрсөтүлөт) | 16 | |

## 3. Шайлоо фондунун каражаттарынын калдыгы

| Келип түшкөн булак | Саптын шифри | Сумма, миң сом менен |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Чыгымдалган каражаттардын калдыгы (10 – сап – 11 – сап) | 17 | |
| Чыгымдалбаган каражаттардын кайра кайтарылганы | 18 | |
| Отчет тапшырылган күнгө карата чыгымдалбаган каражаттардын калдыгы (банктын справкасы менен күбөлөндүрүлөт) | 19 | |

Талапкер, саясий партия, шайлоо блогу шайлоо фондун четтеп өтүү менен башка акча каражаттарын тарткан эмес.

Отчет тапшырылган дата

**Талапкер,**
**саясий партиянын,**
**шайлоо блогунун шайлоо фонддорунун** ____________________
**акча каражаттарын тескөөгө**
**ыйгарым укуктуу адамдар** ____________________



**УТВЕРЖДЕНО:**
ПОСТАНОВЛЕНИЕМ
ЦЕНТРАЛЬНОЙ ИЗБИРАТЕЛЬНОЙ
КОМИССИИ
от 9 ноября 1999 года № 162

# ИНСТРУКЦИЯ
# О ПОРЯДКЕ УЧЕТА ПОСТУПЛЕНИЯ И РАСХОДОВАНИЯ ДЕНЕЖНЫХ СРЕДСТВ ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ ФОНДОВ КАНДИДАТОВ, ПОЛИТИЧЕСКИХ ПАРТИЙ, ИЗБИРАТЕЛЬНЫХ БЛОКОВ

## 1.ОБЩИЕ ПОЛОЖЕНИЯ

**1.1.** В соответствии со статьей 51 Кодекса Кыргызской Республики "О выборах в Кыргызской Республике" кандидат, политические партии и избирательные блоки формируют собственные избирательные фонды для финансирования предвыборной кампании. Средства избирательных фондов должны содержаться на специальных временных счетах в Банках Кыргызской Республики. Данный счет открывается кандидатом, политической партией, избирательным блоком с разрешения соответствующей избирательной комиссии.

Все денежные средства зачисляются на счета избирательных фондов в национальной валюте. Перечисление в иностранной валюте запрещается. Доходы по данным счетам не начисляется и не выплачивается.

Средства избирательных фондов имеют целевое назначение. Они могут использоваться только на покрытие расходов, связанных с проведением предвыборной кампании.

Средства избирательных фондов могут использоваться:

- на финансовое обеспечение организационно – технических мер, направленных на сбор подписей в поддержку кандидата;
- на предвыборную агитацию;
- на оплату труда граждан за выполненные (оказанные) ими работы (услуги), непосредственно связанных с проведением предвыборной кампании;
- на оплату аренды помещений, оборудования, командировочных расходов, услуг связи, приобретение канцелярских товаров и оплату

других расходов, непосредственно связанных с проведением предвыборной кампании.

Право распоряжения средствами избирательного фонда для указанных целей принадлежит исключительно сформировавшему этот фонд кандидату, политической партии или избирательному блоку.

